УДК: 370:947.1 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2022-4-253-259

**Муратов А.Ж.**
пед. илим. док., проф.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
**Зулуев Б.Б.**
пед. илим. док., доц.
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
**Муратов А.Ж.**
док. пед. наук, проф.
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
**Зулуев Б.Б.**
док. пед. наук, доц.
Ошский государственный педагогический университет
**Muratov A.Zh.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
**Zuluev B.B.**
Doctor of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Osh State Pedagogical University

## ИШЕНААЛЫ АРАБАЕВДИН ЖАДИДЧИЛИК КЫЙМЫЛДАГЫ ОРДУ

## МЕСТО ИШЕНААЛИ АРАБАЕВА В ДЖАДИДСКОМ ДВИЖЕНИИ

## THE PLACE OF ISHENAALI ARABAYEV IN THE JADID MOVEMENT

**Аннотация.** Бул макалада XIX кылымдын орто ченинен баштап азыркы Борбор Азиянын территориясына жаңы багыттагы билим берүү системасынын кириши, анын өзгөчөлүктөрү тууралуу тарыхый-педагогикалык аспектиден сөз болот. Биринчи кезекте «жадид кыймылы», «жадидчилик» деген түшүнүктөргө лингвистикалык-теориялык анализ берилет. Мында биринчи кезекте проблеманын тарыхый-методологиялык негиздери ачып берилип, жадид билим берүү системасынын зарылдыгына, алардын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнө экскурс жасалып, жалпы обзор берилди. Жадидчилик кыймылынын контексттинде кыргыз алиппесин түзүүчү Ишенаалы Арабаевдин педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу баяндалат.

Авторлор пикирлерин аргументтештирүүдө өзбек, орус, татар агартуучуларынын тарыхын изилдеген эмгектерге таянат.

Макала улуттук педагогиканын тарыхына кызыгуучуларга арналат.

**Негизги сөздөр:** педагогиканын тарыхы, жадид, жаңы метод, мектеб, медресе, ислам, жаңы тартип окуусу.

**Аннотация.** В данной статье рассказывается о внедрении новой системы образования на территории современной Центральной Азии с середины XIX века и ее особенностях с историко-педагогической точки зрения. Дается лингвистико-теоретический анализ понятий «джадидское движение» и «джадидизм». Раскрыты историко-методологические основания проблемы, обоснована необходимость системы образования джадидов, деятельность их видных представителей, дан общий обзор. Педагогическая деятельность создателя кыргызского алфавита Ишенаалы Арабаева описывается в контексте джадидского движения.

Аргументируя свое мнение, авторы опираются на работы, изучающие историю узбекской, русской и татарской интеллигенции.

**Ключевые слова:** история педагогики, джадид, новый метод, школа, медресе, ислам, преподавание новой дисциплины.

**Annotation:** This article describes the introduction of a new education system in the territory of modern Central Asia since the middle of the XIX century and its features from a historical and pedagogical point of view. A linguistic and theoretical analysis of the concepts of «Jadid movement» and «Jadidism» is given. The historical and methodological foundations of the problem are revealed, the necessity of the Jadid education system, the activities of their prominent representatives are substantiated, and a general overview is given. The pedagogical activity of the creator of the Kyrgyz alphabet Ishenaaly Arabaev is described in the context of the Jadid movement. Arguing their opinion, the authors rely on works studying the history of the Uzbek, Russian and Tatar intelligentsia.

**Keywords:** history of pedagogy, Jadid, new method, school, madrasah, Islam, teaching of a new discipline.

**Киришүү.** Түркстанда, анын ичинде азыркы кыргыз жергесинде XIX кылымдын II жарымында XX кылымдын башында «усулу жадид», же «жадид», «жаңы тартип», «жаңы усул» деп аталган билим берүү уюмдары иш жүргүзгөн. Аларды жалпысынан «жадид» мектептери деп койгон. Мындай билим жана тарбия берүү жайларынын пайда болушунун бир катар себептерин изилдеп чыктык, алар төмөнкүлөр болду: коомдук турмуштагы тез жүрүп жаткан ар кандай өзгөрүүлөр; өлкөлөр ортосундагы өндүрүштүн, соода-сатыктын, дипломатиялык мамилелердин мурда болуп көрбөгөндөй өсүшү; мусулман элдеринин дүйнөлүк интеграцияга аралашуу кыймылынын тездеши; «усулу кадим» («эски усул») деп ат берилген мурдагы мусулман мектеб, медреселеринин окутуу-тарбиялоо методикасына ыраазы болбой, аларды реформалоо, модернизациялоо боюнча жаңы көз караштардын пайда болушу; сопулук агымынын таасири солгундап, мурдагы терең философ, педагог дервиш-сопулардын ордуна эми элди алдаган, өз пайдасын көздөгөн, же бийлик ээлерине жагынган эшен, сопулардын пайда болушу; Орусиянын мамлекеттик бийлиги жана жергиликтүү жетекчилиги тарабынан улуу орустук жана христиандык саясатынын биринчи планга чыгып, башка улуттарды жана диндерди кемсинтүү идеясынын күчөп кетиши. Мисалы, 1899-жылы 26-октябрда Түркстан генерал-губернатору С.Духовский Падышалык Орусия империясынын императоруна доклад жазып, анда ислам орустардын динине гана эмес, жалпы маданиятына зыян келтире тургандыгын баяндайт ж.б.

Мындай окутуу системасы мурдагы «усулу кадим» системасынан айырмаланып, анын өнүккөн формасы жана мазмуну болгондуктан «усулу жадид» деп аталган. Орус илимий булактарында «жадидизм» деп таралган өзүнчө бир прогрессивдүү кыймыл катары каралган.

**Изилдөөнүн максаты**: XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү уюмдарына жаңыдан кирген билим берүү системасынын коомдук турмуштагы орду, ошол жадидчилик деп аталган кыймылдын тарыхый өнүгүүсү, өзгөчөлүктөрү.

**Изилдөөнүн милдети**: Түркстанда билим берүүдөгү жадид системасынын пайда болушунун коомдук-тарыхый өбөлгөлөрү жана алардын педагогикалык ишмердүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө.

Жадидчилик кыймылынын негиз салуучусу Исмаил Гаспринский (Гаспыралы) (1851–1914) болгон. Ал 1851-жылы Таври губерниясынын Ялта уездинин Авжыкөй айылында (азыркы Крымдын Бахчисарай району) орус армиясынын офицеринин үй-бүлөсүндө туулган. Адегенде үй тарбиясын алып, анан диний мектебде, эркектер гимназиясында, кадеттер корпусунда, аскер гимназиясында окуган. 1871–1875-жылдарда Францияда, Түркияда

жашаган. Персия, Индия, Египет ж.б. өлкөлөрдү кыдырып чыккан. Атактуу Сорбонна университетинде философия, социология, филология боюнча лекция угуп, Парижде котормочулук менен шугурланган. Кайрылып Крымга келип, башталгыч класстын мугалими болгон. Андан соң Бахчисарай шаардык думасынын депутаты, 1879–1884-жылдарда шаар башчысы катары кызмат кылган. «Файдалы эглендже» (1879–1880), «Закон» (1881), 1883-жылдан «Переводчикъ-Терджиманъ» деген газеталарды ачып, ошол басылмалар аркылуу өз идеяларын тараткан. 1907–1908-жылдарда Мисирде араб тилинде «Аль Нахда» («Кайра жаралуу») деген ат менен газетанын бир нече сандарын чыгарууга жетишкен. 1884-жылы Крымдагы крым-татар балдары үчүн ачкан мектеби усулу жадид тибинде болуп, мына ушундан тартып башка жердеги бир катар ислам диний окуу жайлары жаңы методикага ээ боло баштаган.

Анын окуусунун башкы маңызы – жадидизмди негиздегендигинде. Бул адегенде башталгыч мектебде диний гана эмес светтик да мазмун берүүсү, билим берүүгө мусулман этноконфессионалдык системасын киргизгендиги менен байланышат. Ошон үчүн алар билим берүүнүн мазмунун жана методдорун жаңылашкан, ал жаңылыктар Крымда башталып, Татар, Башкорт, Кавказ, Борбор Азия, Түркия, Түндүк Персия, Кытайдын Чыгыш Түркстан аймактарына чейин тараган.

Бир нече агартуучулар И.Гаспринскийдин идеясы жана жетекчилиги менен усулу-жадид мектебдери үчүн окуу китептерин жазган, алардын бири «Ходжа и субъян» («Балдардын мугалими») деп аталган.

Анын идеялаштары: Исмаил жана Амет Муфтии-заде, Мустафа Кипчакский, Асан Сабри Айвазов, Абдурахман Мемет оглу, Асан Тарпиев, Сулейман Крымтаев, Абдурешит Медиев, Рустам Ахундов, Ибраим Гурзуф, Али Булгаков, Аббас Корбек ж.б. кишилер болгон. Алар жаңы үлгүдөгү реформаны ишке ашыруу максатында 25 миңден ашуун мектептерди ачышкан. Жадид мектеби биринчи жолу 1884-жылы Крымда ачылып, кийин Түркстанга тараган. Ал өзү да 1893-жылы Самаркан, Бухара, Ташкен шаарларына келип, каршылыктарга карабай жадидчилик идеяларын таратып кетет, андыктан түркстандыктар аны жадидчиликтин «идеялык атасы» катары кабыл алат.

Жадид кыймылындагылар Орусия бийлигине түрдүү талаптарды коё баштаган. Мисалы, 1913-жылдагы «Голос Туркстана» гезетасында мындай талаптар коюлгандыгын өзбек тарыхчысы Х.Зиёев жазып чыгат:

1. Сибирь темир жолунан Ооганстанга жана Иранга чейинки жердеги жашаган бүткүл жергиликтүү калктар менен орустар арасында укук жана салыктар боюнча тең укуктуулук сакталышы керек.

2. Көчмөн турмушта жашаган мусурмандарга кыштактардан жана шаарлардан жер бөлүнүп берилгенге чейин келгин орустарга жер бөлүп бербөө зарыл.

3. Заманбап агартуу ишин таркатуу кажет [1, 213-б.].

Ал мезгилде мындай талаптарды коюу падышалык Орусия үчүн албетте коркунучтуу болгон.

Жадидчилер борбор азиялык жаштар орус тилин эле билбей, чет өлкөлөрдүн тилин билсин, Германия, Англия, Франция сыяктуу мамлекеттерден окусун деген алысты көздөгөн ойлорду айтышкан.

А. Бенигсен жадидизмдин калыптануусунун үч этабын көрсөтөт: биринчиси – диний (теологиялык); экинчиси – маданий; үчүнчүсү – саясый реформалык [2, 79-б.]. Мына ушуга караганда ал кыймылдын чеги жөнөкөйдөн башталып, улам татаалдаша берген, мындай прогресс Орусиянын бийлигин аябай эле коркуткан.

Жадидчилик саясый кыймыл болгон, тилдер менен тилдердин, диндер менен диндердин, цивилизациялар менен цивилизациялардын ортосундагы кагылышуулардан чыккан. Буга биринчи кезекте Фергана өрөөнүндөгү, жалпы эле Түркстандагы элдин эркин боло албай кысылышы, динге үстөмдүк кылуу себеп болгон. Мисалы, жергиликтүү калк Кокондо эски

мүрзөлөрдү бузбоо талабын коюп, падышалык бийликтин төбөлдөрүнө кат жазышат. Мына ушул кат үчүн орустар 25 казыны иштен бошотот [3, 43-б.]. Облустун аскер губернатору А.А.Абрамов ошол окуядан улам элдин козголуп кетишинен чочуп казыларды эгер элди тыйбасаңар Сибирге сүргүн болосуңар деп коркутат [3, 22-б.]. Дагы коркутуу үчүн «эгер дин кызматкерлери тартипсиздикке катышса, медреселери жабылып, вакуп жерлери мамлекетке алынат» [3, 27-б.] деген билдирүү менен Кокон уездинин башчысына расмий кат жазган. Ушул окуяда сегиз элүү башы камалган, арызчылардын башчысы катары казы Молдо Ашурга Сибирге сүргүн кылуу өкүмү чыккан, бирок элдин сүрүнөн коркуп бул өкүм убактылуу токтотулган [3, 53–54-б.].

Мындай коркутуу жергиликтүү калктын кысылашына алып келди, бул кысылуудан орус келгиндери пайдаланып, Кара-Алма, Көк-Арт сыяктуу жерлерди ээлеп алып, өздөрүнүн посёлкаларын курду.

Фергана өрөөнүндөгү бардык 157 пахта тазалоочу заводдун 50-сү гана жергиликтүү байларга калып, калганына Орусиядан келген капиталисттер ээлик кылган. Кокондо «Орус-Азия», «Орус тышкы соода», «Волга-Кама», «Азов-Дон», «Москва» ж.б. орусиялыктарга таандык эсеп банктары, Цинделия менен Савва Морозовдун кампалары иштеп турган.

XIX кылымдын аягында орустардын саны 197420 жан болсо, 1909-жылы алардын саны 619.320 жанга өсүп жетти. Падышалык Орусия орусташтыруу саясаты үчүн чоң каражат ажыраткан, Түрстанды «Русский Түркстан» аташты, жергиликтүүлөрдү «инородец» («бегона зот»), «туземец» («ерли ахоли») деп атап, казактарды «кыргыздар» дешип алды (Х.Зиёев [1, 210–211-б.]). Ошондой эле жергиликтүү адамдарга карата «варвары», «дикие», «дикокаменные» деген эпитеттерди колдонуп айтышкан.

XX кылымдын башталышында Түркстанга 750000 орус оторчул дыйкандары жана орус казактар (казаки) көчүп келген [4, 294-б.], эгер 1897-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча Ош уездинде 1373 орус келгиндери болсо, эки жылда – 1898-жылга жетип алардын саны 1650 адамга өскөн [5, 36-б.].

Мына ушул коомдук-саясый өзгөрүүлөр, жергиликтүү элдин тилин, динин кысуу, жерлерин тартып алуу жадид кыймылынын жанданышына өбөлгө жаратты.

«Дин – адамзат маданиятынын улуу катмары. Андан айрылсак биз ишенимсиз, борпоң руханий үй курабыз. – деп жазат Г.Н.Волков. – ...Мухаммед көптөгөн элдердин тарбиячысы, адамзатты алдыга жылдырган улуу окутуучу болгон. Анын окуусу бүткүл араб маданиятынын негизин түзгөн. Ошол эле учурда исламды бек туткан адамдар элдик педагогикага барчу жолду Курансыз таба албайт. Светтик мектеп жана үй-бүлөлүк педагогика дин сыяктуу тарбиялоонун абдан кубаттуу факторунан жүзүн буруп, аябай көп нерсени жоготуп алды» [6, 151-б.]. Ошол сыңары советтик учурда билим берүү жана педагогика мусулман динин туткан элдерди атеист кылабыз деп, атеисттик тарбиялоонун өркүндөтүп, мектепке дин сабактарын киргизбей, каалоочулардын медреседен окуу мүмкүнчүлүгүн чектеп, окутуунун мазмунуна дин менен элдик педагогиканы айкалыштыра албай бир топ ыймандык-адептик баалуулуктарды жоготуп алдык.

**Жадид окуу жайларынын педагогикалык-методикалык өзгөчөлүктөрү.** Жаңы тартип менен окуткан жадид мектеб-медреселери мурдагы мектеб-медреселерге караганда бир топ айырмачылыктарын көрсөткөн, алар биринчи кезекте төмөнкүлөр менен байланышат:

1. «Усулу кадим» мектебдеринде мурда колдонулуп келген тамгалык-муундук усулдун ордуна жаңы «усулу жадид» билим берүү мекемелеринде тыбыштык-добуштук усул колдонулган, б.а., тамга (көрүүгө) гана негизделбестен, тыбышка (угууга) өзгөчө маани берилген, бул араб тилиндеги тыбыштарды жана сөздөрдү туура айтууга жатыктырган.

2. Окуган текстти түшүндүрүү методуна артыкчылык берилген, б.а., мурдагы куру жаттап алуу ыкмасынан качып, эми окуганын түшүнүүгө жана түшүнгөнүн айтып берүүгө

өзгөчө маани берилген, бул болсо өз кезегинде балдардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптоого, сөз байлыктарын өстүрүүгө чоң көмөк көрсөткөн.

3. Үйрөнүүчүлөрдүн оозеки кеби менен жазуу кеби бири-бирин толуктап барышына ыңгайлуу шарт түзүлгөн.

4. Мурдагы мектеб-медреселерде тизелеп отурушуп, тактачага, тери бетине, койдун же уйдун далы сөөктөрүнө жазышкан болсо, эми доска жана бор сыяктуулар пайдаланылды.

5. Окутуу каражаттары (мисалы, китеп, дептер, географиялык карталар, глобус ж.б.) колдонула баштаган.

6. Окуу процессинин уюштурулушун жалпы педагогикалык илим иштеп чыккан илимий дидактикага негиздешкен.

7. Жаңы усулдагы мектеб жана медреселерге европалык билим жана тарбия алган, татар, крым татары, башкорт жана Казан, Уфа шаарынан барып окуп келишкен кыргыз, өзбек, казак, тажик жаштары аралашып, сабак өтө баштаган.

8. Окуучулардын илимий-билимдерин, дүйнө таанымын кеңейтүү максатында математика, география, тарых, биология, дене тарбия сыяктуу сабактар окутулган.

9. Улуттук маданиятты, оозеки жана жазма адабиятты окутууга көңүл бурулган.

10. Балдарга эне тилинде билим берүү артыкчылык багыт катары эсептелген.

11. Биринчи жолу сабакка келгендер араб тилинен мурда эне тилиндеги «Алиппе» китебин окуй баштаган.

12. Окутуунун класстык-сабак системасы киргизилип, белгилүү убакыт жана орун (класс) тартиби иштелип чыккан.

13. Кыз-келиндерди окутууга да маани берилген.

14. Падышалык Орусиянын колониялык саясатына каршы болуп, элдердин жана улуттардын эркиндигин жогору койгон идеяны алдыга сүрөгөн. Ошондуктан орусиялык падышалык бийлик бул билим берүү жайларынын иштеп турушун каалаган эмес.

15. Эски диний мектеб-медреселердин окутуу методдорун реформалап жибергендиктен мусулман окуу жайларынын диний фанаттары да жадид билим берүү мекемелеринин ачылышына жана иштеп турушуна каршы болгон учурлар кездешкен.

16. Окуу жүгү көбүнчө мындай болгон: бир жумада – 25 саат, анын 20 сааты дин багытындагы сабактар, 5 сааты, б.а., 20 пайызы светтик илим-билимдер.

Азыркы Кыргызстандын аймагындагы 1909-жылы Чоң-Кеминде ачылган Шабдан Жантай уулунун «Шабдан медресеси», 1912-жылы Ак-Талаанын Куртка деген жеринде ачылган Калпа ажынын, Кочкор жериндеги манаптар Ыбыке уулу Канат менен Өтөмбай Төрөгелдин ачкан медреселер, Тоңдун Туура-Суу деген жеринде Мали уулу Сагаалынын, 1911-жылы Жумгалдагы Байзак менен Курман манап ачкан «Курмандын мектеби», Чүйдүн Сайлык айылдындагы Дүр Сооронбай уулу ачкан мектеб дал ушул усулу-жадид системасында билим берген.

Мына ошондой жаңы усулдагы билим берүүчү окуу жайлары Фергана өрөөнүндө да активдүү иш жүргүзө баштайт. Мисалы, «Ош шаарында Балтыходжа Султанов жана Фазылбек Касымбеков тарабынан мектеб ачылып, 60тан ашуун бала, Кара-Суудагы мектебда 20дай бала окуган. Куршабда (Өзгөн) Эраалы миңбашы Ташкенттен Гулам Зафари деген мугалим алдырып, мектеб ачса, Өзгөндүн өзүндө 1907-жылы Факриддин, Рахим молдолордун демилгеси менен ачылган. Жалал-Абадда Мырзакул болуш жадид мектебдери үчүн атайын имарат салдырып, Бухарадан мугалимдерди алдырып, окууга шыктуу балдар үчүн билим алууга ыңгайлуу шарттарды түзгөн» [7, 219–220-б.].

Жадидизм динди мамлекеттен бөлүп кароо үчүн атайын секуляризациялык максатта түзүлсө да, башкы орунга ислам динин таратууну, башка диндердин басып киришине каршы турууну туу кылган. Фергана өрөөнүндө эң биринчи жадид окуу жайлары 1898-жылы Кокон шаарында ачылып, 1911-жылы Түркстан республикасы боюнча алардын саны 63гө жетип, 4106 бала окуган, мугалимдеринин көпчүлүгү татарлар болгон [8, 229-б.].

Жадид медреселеринен кийин казактан атактуу уулдары болгон А. Кунанбаев, С. Торайгыров, М. Жумабаев, Б. Майлин, кыргыздардан И. Арабаев, О. Сыдыков, Молдо Кылыч, Тоголок Молдо, Абдыкалык Чоробаев, Токтораалы Талканбаев, Ысак Шайбеков, Базаркул Данияров ж.б. улут каймактары бүтүрүп чыккан.

XX кылымдын башында Уфа, Казань шаарларынан жогорку диний медреселерди бүтүрүп келген кыргыз жаштары кыргыздардын өздөрү ачкан жаңы тартип мектептеринин мугалимдери болуп калган [9, 39-б.]. Алар ошол шаарлардан үйрөнгөнү боюнча татар тилиндеги Каюм Насири, Таиб Яхин деген авторлордун окуу китептерин колдонуп, дал ошол китептерден А.С. Пушкиндин ырлары жана жомоктору, И.А.Крыловдун тамсилдери, Л.Н. Тостойдун аңгемелери, М.Е. Салтыков-Щедриндин сатиралык чыгармалары менен таанышып, татар тилин жана адабиятын Ала-Тоого алып келип, бул тилди кыргыздар көпүрө катары пайдаланган [10, 53-б.].

**Жаңы усулдагы билим берүү мекемелерине адистерди даярдоо проблемасы.** Жадид кыймылы боюнча эмгектерде [11] бул кыймылдын кеңири фронт боюнча тез темп менен кулач жайганы, эң негизгиси элге таасирин адабият, басма сөз жана агартуу иштери менен көрсөткөндүгү белгиленет. Анын негиздөөчүлөрү И.Гаспринский, Ш. Маржани, А. Ибрагимов, М. Абдурашидханов, М. Бехбуди, А. Фитрат ж.б. агартуучулар, жазуучулар, окумуштуулар Фергана өрөөнүнө мугалимдерди Казань, Уфа, Оренбург, Стамбул, Багдад шаарларынын даярдап жөнөткөн, өзгөчө Уфадагы «Галия», Оренбургдагы «Хусеиния», Казандагы «Мухаммедия» медреселеринен адистер келишип, жергиликтүү агартуучу кадрларга өз идеяларына тараткан.

1917-жылга чейин Орусияда 20 миллиондон ашык мусулмандар жашаган, ири диний аалымдар жана байлар ислам окуу жайларын көп ача баштаган, мисалы, Казандагы «Мухаммадия» медресеси – Г.М.Галиев-Барудиники, Уфадагы «Госмания» – Х.Г.Усманов, «Хусания» – М.-С.М. аль-Хасани, «Галия» – З.Дж.Камали деген кишилердин ээлигинде жана кыржылоосунда болгон. Ошол эле кезде жалпы Орусия падышачылыгында 26000 мечит болуп, ал жердеги мектеб-медреселерде исламий билим берилген [12, 48-б.].

Булардын айрымдарын азыркы күндүн аспектисинен карап көрөлү.

1891-жылы соода-сатык менен алектенип жүргөн Ахмед, Ганы, Махмут деген үч бир тууган Хусеиновдор Оренбург шаарына мечит жана медресе салышкан. Ал жерге прогрессивдүү, светтик билим бере турган мугалимдерди чакырган да, динден тышкары татар, орус, араб тилдерин, тарых, география, физика, химия, укук, таза жазуу, сүрөт сабактарын, эң негизгиси педагогиканы киргизген, мугалимдери сабак өтүүдө чет өлкөлөрдөн чыккан китептерди пайдаланган [13]. Ал жерде мезгилдүү басма сөз үзгүлтүксүз келип турган, орус, араб, фарсий, татар тилиндеги көркөм жана педагогикалык, илимий китептерди топтогон китепканасы болгон. Дал ошол медресенин шакирттери казак тилинин грамматикасын, алгачкы окуулуктарын түзүүгө катышкан [14, 38-б.].

Ал эми Өфө (Уфа) шаарындагы «Галия» медресеси тууралуу А.Осмонкуловдун жазганына караганда бул окуу жайы жөнүндө 1981-жылы басылган «Уфа тарыхында» (191-б.) мындай маалыматтар берилген: «Усмания», «Галия», «Хакимия» жана «Хусанияда» 580 шакирт окуган. Алардын ичинде 1906-жылы ачылган «Галия» медресесинин даңкы өзгөчө чоң болуп, жогорку мусулман окуу жайы катарында («Медресе-и-Олийе» же «Гали» – арабча «жогорку») татар, башкыр жана Россиядагы башка мусурман элдеринин агартуу тармагында орошон чоң ролду аткарган. Анда ислам динине байланыштуу сабактар менен катар алгебра, геометрия, физика, химия, тарых, география, табият таануу, орус тили, татар тили жана адабияты, педагогика ж.б. предметтерди окутуу жагы жакшы жолго коюлган. Медресенин физика, химия кабинеттери жакшы жабдылып, китепканасы бай болгондуктан, анын шакирттери илимий-методикалык китептер менен катар татар, орус, араб, түрк тилдеринде чыккан газета-журналдарды кеңири пайдаланган.

Адегенде ар кимдин ашарлашып алып келген акча, мал-мүлк, курулуш материалдарынан курулган бул окуу жайында жогоруда А.Осмонкулов белгилеген предметтерден тышкары дене тарбиясы, психология, музыка, араб тили (морфология, синтаксис, грамматика, риторика, адабият), жалпы тарых, татар жана түрк тарыхы, математиканын бөлүмдөрү (планиметрия, стереометрия, тригонометрия), физиология, ислам дини боюнча тафсир, хадис, хадистерди окутуу методдору, Мухаммед пайгамбардын биографиясы, фикх, фараид окутулуп, балдары өтө тың жүрчү экен, кийин алардын ичинен революционерлер да, а түгүл атеисттер да чыгыптыр.

Педагогиканы үч жыл үзгүлтүксүз үйрөткөн: биринчи жылы – жалпы педагогика, тарбиялоонун теориясы жана психология тууралуу түшүнүктөр; экинчи жана үчүнчү жылы – дидактика жана куран окуу класстарында баштооч билим берүүнүн методикасы.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Зиёев Х. Тарих – утмиш ва келажак кузгусу. Тарихнинг долзарб масалалари. – Тошкент, 2000, Гафур Гулом номидаги Адабиёт ва санъат нашриёти. – 288 б.
2. Бенингсен А. Мусульмане в СССР. – Париж, 1983. –79 с.
3. ЦГА РУ. Ф.19, 1. 332 иш.
4. История общественно-культурного реформаторства на Кавказе и в Центральной Азии (XIX – начало XX века) / Отв. ред. Д.Алимова, И.Багирова. – Самарканд: МИЦАИ, 2012. – 335 с.
5. Акматова А.Т. Ош в XIX веке: социально-культурные аспекты [Текст] / Дисс. ... кан. ист. наук: 07.00.02. – Бишкек, 2012. – 178 с.
6. Волков Г.Н. Этнопедагогика. – М.: Академия, 2000. – 176 с.
7. Кубатова А. Жадид мектептери. Китепте: Кыргызстан. Улуттук энциклопедия. 3-т. – Б.: 2011. – 219-220-бб.
8. Bazarbayev, K.; Ashimkhanova, A. Z. Jadids Movement in Central Asia in the Late 19th and the Early 20th Centuries. Asian Social Science, Vol. 8, No. 8; July 2012, p. 225–237.
9. Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Ф.: Изд-во АН Кирг. ССР, 1961. – 129 с.
10. Мамытов С.А. Кыргызско-татарские литературные связи второй половины XIX-начала XX веков. – Б.: Мурас, 1999. – 178 с.
11. Расул Заде. О пантуранизме // Тюрский мир. – 1991. – №1. – С. 17–29.; Очерки истории татарской общественной мысли. – Казань: Тат. кн. изд., 2000. – 191 с.; Бартольд В. История культурной жизни Туркестана / Соч. – М.: Наука, 1963. – Т. 2. – ч. 1. – 340 с.; Абдирашидов З. Исмаил Гаспринский и Туркестан в начале XX века: связи-отношения-влияние. – Ташкент: «Академнашир», 2011. – 384 с.; Кубатова А.Э. Кыргызстандагы жадидчилик кыймылы. – Б.: ТММИ, 2012. – 204 б.; Эшеналы Арабаев – кыргыз элинин алгачкы агартуучу-окумуштуусу жана саясий коомдук ишмери. Жыйнак. – Б.:КМПУ, 2002. – 250 б.; Худайкулов А.М. Просветительская деятельность джадидов Туркестана (конец XIX – начало XX в.) [Текст]: Автореферат дисс-я к-та истор. наук: 07.00.02. – Ташкент, 1995. 24 с.; Шушкова М.Е. Организация управления Туркестаном в начале XX века [Текст]: Дис-я к-та истор. наук: 07.00.02. – Москва, 2015. – 287 с.
12. Карими Р.У. Российские мусульмане – хозяева исторически исконных земель // DA. Диалог Авразия. – 2002. – №5. – С. 48.
13. ГАОО. 27 оп. 1 д. 17 л 12
14. Султангалиева Г.С. Джадидизм и взаимодействие тюркоязычных народов Урало-Поволжья, Казакстана // Вестник КазГУ им. Аль-Фараби. Сер. История. – 2001. – №3 (22). – С. 38.


**Рецензент: пед. илим. док., проф. Байгазиев С.О.**